**И. Раззаков атындагы КМГУнун Архитектура институтунун «Архитектура» кафедрасынын отурумунан 2023-жылдын 15-декабрындагы №9 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

**Катышты:** Омуралиев Д. Д. – каф.башчысы, арх.доктору., проф., Тентиев Ж.Т- т.и.д.,проф., Султанова Н.Г. – арх.канд, доц., Халмурзаева Г.Б. – арх.канд., доцент., Мальчик А.Ю.- арх.канд, доцент., Амыркулов С. -улук окутуучу., Искендеров У.Ж.- доцент.,Султаналиев А.Ж.-улук окутуучу., Назарбаев К. – улук окутуучу.,Темирбек у А.- улук окутуучу., Саманчиев Ш..- улук окутуучу., Каепкулов К.А. – улук окутуучу., Кененбеков Б. - окутуучу,, Есенбек у А – улук окутуучу., Багдавлетова Э.А. - окутуучу.,Тагайбек у М-окутуучу., Садырбеков М.С - окутуучу, Маанаева Н.М.-улук окутуучу., Рысбеков Б..-окутуучу., Дооткулова С.К. – методист

**Кун гартиби:**

1. Архитектура кафедрасынын Окутуучулардын өз ара текшсруусун талкуулоо жана көзөмөлдөө.
2. Ар түрдүү маселелерге токтолуу

**УГУЛДУ:** Күн тартибиндеги 1чи маселе боюнча кафедра башчысы Д.Д Омуралиев сөз сүйлөп. түзүлгөн график менен окутуучулар өз ара текшерүүлөрүн жүргүзүп жатканын белгиледи. Өз ара текшерүү графигинин сакталышын билим берүүнүн сапатына жооптуу Д.Д. Омуралиев көзөмөлдөйт. мугалимдер төмөндөгү максаттарда кесиптештеринин сабактарына катышууга укуктуу экендигине токтолду:
- алдынкы педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү жана жалпылоо;
- кесиптик, чыгармачылык сапаттарды, технологияларды өздөштүрүү;
- методикалык, кесиптик жана чыгармачылык жардам көрсөтүү;
- предмет аралык байланыштарды пайдалануу;
- окуучулардын билим беруу программаларын өздештуруу сапатын жогорулатуу;

Заманбап билим берүү технологияларын колдонуу жаатында тажрыйба алмашуу мугалимдердин каалоосун эске алуу менен жүргүзүлет: жаш мугалимдер тажрыйбалуу, улуу кесиптештерине барышат жана тескерисинче, тажрыйбалуу мугалимдер жаштарга барып. жардам беришет, керек болсо кесиптештер өз тажрыйбалары менен бөлүшүшөт. Ар бир мугалим өздөрүнүн сабактары боюнча лекцияларды презентация түрүндө ар кандай мультимедиялык каражаттар аркылуу өткөрүшүүдө: видеотасмаларды, слайддарды, компьютерлерди колдонуп, ошондой эле кийинки лекцияга даярдануу учун таркатма материалдар менен камсыздап жатышат. Интерактивдуулук кийинки видеотасманын презентациясын же демонстрациясын талкуулоо, проектин жыйнагын көрсөтүү менен камсыздалат. Доцент Халмурзаева Г.Б. арх.к "Эстетиканын архитектурасы" сабагы боюнча лекциясына катышып, лекцияны жогорку кесиптик денгээлде окуганын, көп маалыматты ала алганын белгиледи. Өз ара текшерүүнүн жыйынтыгы кафедрадада уюштурулган мугалимдердин өз ара текшерүү журналына жазылып, талкууланат, жыйынтыгы тиркемеге берилди.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ**:

1.Маалымдоо кабыл алынды, окутуучулардын өз ара текшерүүлөрү көзөмөлгө алынсын.

2. ПОКтун өз ара текшерүүлөрү график боюнча жүргүзүлсүн.

**«Архитектура» кафедрасынын башчысы** **Омуралиев Д. Д**

**Катчы** **Дооткулова С. К.**